4. Байтерекова Ж. С. ж.б. «Лингвапарк» мультимедиялык аудиториясында иштөө үчүн оозеки сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча көнүгүүлөр: ММЛУнун кыргыз тилин чет тили катары үйрөнүп жаткан студенттери үчүн методикалык колдонмо. – Москва: ММЛУ, 2012.
5. Байтерекова Ж. С. ж.б. КМШ өлкөлөрү үчүн кыргыз тили: окуу китеби. – Москва: Рема, 2012.
6. Биялиев К. А. Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин башка улуттарга окуу ыкмалары. – Бишкек, 2002.
7. Добаев К. Д., Асанакунов Т. А. Кыргыз тилин өзгөтил катары окутуу методикасынын айрым маселелери. – Бишкек, 2006.
8. Леонтьев А. Н. Тандалган психологиялык эмгектер: II том. – М.: Педагогика, 1983.
9. Леонтьев А. Н. Психология философиясы: илимий мурастардан. – М.: Москва университетинин басмасы, 1994.
10.Пассов Е. И., Кузовлева Н. Е. Чет тилдерин окутуунун коммуникативдик теориясынын жана технологиясынын негиздери: методикалык колдонмо. – Москва, 2010.
11.Рубинштейн С. Л. Жалпы психология негиздери. – Москва, 1989.
12.Хулхачиева Ж. С. ж.б. Кыргыз тилин экинчи чет тили катары окутуунун теориялык жана практикалык курсу: окуу куралы: 2 бөлүктөн. – Москва: Москва мамлекеттик лингвистикалык университети, 2022–2025.
13.Хулхачиева Ж. С. ж.б. Кыска кыргыз-орус идеографиялык сөздүгү. – Москва, 2020.
14.Хулхачиева Ж. С. Кептик баарлашуу маданияты боюнча практикум. Кыргыз тили: окуу куралы. – Москва: Социум, 2017.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Сарылбекова З.

УДК 81-13 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-300-306

Шабданова Г.О., Сейитказиева Т.М.
К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети
Шабданова Г.О., Сейитказиева Т.М.
Бишкекский государственный университет имени К. Карасаева
Shabdanova G.O., Seyitkaziyeva T.M.
K. Karasaev Bishkek State University

ORCID 0009-0001-9138-4585

БӨТӨН ТИЛДҮҮЛӨРГӨ КӨРКӨМ ТЕКСТТЕР МЕНЕН ИШТӨӨНҮН АЙРЫМ ЫКМАЛАРЫ
НЕКОТОРЫЕ МЕТОДЫ РАБОТЫ С ХУДОЖЕСТВЕННЫМИ ТЕКСТАМИ ДЛЯ ИНОЯЗЫЧНЫХ
SOME METHODS OF WORKING WITH LITERARY TEXTS FOR NON-NATIVE SPEAKERS

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада тилди бөтөн тилдүүлөргө үйрөтүүдө көркөм тексттерди колдонуунун мааниси жана алар менен иштөөнүн айрым ыкмалары тууралуу сөз болот. Көркөм адабият жаралгандан тартып сөз искусствосу болуп келгендиктен, образ жаратуудагы анын негизги каражаты - элдин тили, улуттун тили, тагыраак айтканда, адамдардын бири-бири менен баарлашууда колдонгон тили. Көркөм адабияттын тили адабий тилдин эң жакшы сапаттарын жана үлгүлөрүн өзүнө камтыйт. Ошондуктан көркөм текст тилдин бардык деңгээлдерин бириктирип, студенттердин

обочолонгон, формалдуу ой жүгүртүүдөн мазмунга жана контекстке негизделген системалуу ой жүгүртүүгө өтүшүнө жардам берет.

Аннотация: В данной статье рассматривается значение использования художественных текстов при обучении языку иноязычных студентов, а также некоторые методы работы с ними. Художественная литература с момента своего возникновения является искусством слова, поэтому основным средством создания образов служит язык народа, язык нации, то есть язык, которым люди пользуются в процессе общения. Язык художественной литературы включает в себя лучшие качества и образцы литературного языка. Поэтому художественный текст, объединяя все уровни языка, помогает студентам перейти от изолированного, формального мышления к системному мышлению, основанному на содержании и контексте.

Abstract: This article examines the importance of using literary texts in language teaching for non-native students, as well as several methods of working with such texts. Since its emergence, literature has been an art of the word; therefore, its main means of creating imagery is the language of the people, the national language, that is, the language people use in communication. The language of literature incorporates the finest qualities and models of the literary language. Therefore, a literary text, integrating all levels of language, helps students move from isolated, formal thinking to systematic thinking based on content and context.

Негизги сөздөр: көркөм текст; бөтөн тилдүүлөр; ыкма; элдин тили; үлгү; ой жүгүртүү; көркөм сөз каражаттары; сөздүн күчү; текстти колдонуу; текст менен иштөө; маани; мазмун; элес; логикалык байланыш; текст тандоо; текст түзүү.

Ключевые слова: художественный текст; иноязычные учащиеся; метод; язык народа; образец; мышление; художественные средства речи; сила слова; использование текста; работа с текстом; значение; содержание; образ; логическая связь; выбор текста; создание текста.

Keywords: literary text; non-native learners; method; language of the people; model; thinking; stylistic devices; power of the word; use of the text; working with the text; meaning; content; imagery; logical connection; text selection; text creation.

Киришүү. Тилди үйрөтүү практикасында жалаң гана ошол тилдин теориялык маселелерин окутуп отурсак, бул ыкма жыйынтыксыз болору күндөлүк практикабызда далилденди. Башкача айтканда, бөтөн тилдүүлөргө кыргыз тилин үйрөтүү көбүнчө тилди грамматикалык негизде окутууга, эрежелерди жаттатууга негизделип келет. Бул жарамсыз усулдан баш тартуунун убактысы өтүп баратат.

Тил үйрөтүү ыкмасы адамдын ойлоо жөндөмүнө таянуу менен жүргүзүлсө, тил үйрөнүүчүлөр үчүн жеңилдиктер түзүлөт. Мисалы, адам баласынын психологиясы өзү үчүн керек деп эсептелген айрым тил каражаттарын мезгилди күтпөстөн эле кабыл алууга жөндөмдүү. Анткени биздин психологиябыз көзүбүзгө көрүнгөн нерсенин бардыгын бүтүн, комплекстүү кабыл алууга ылайыкташкан. Демек, адам баласы эмнени көрүп, сезип, байкап, ойлоп отурса, ошону тезирээк кабылдоого жана ага ылайык тил каражаттарын үйрөнүүгө жөндөмдүү келет.

Тилди тил менен гана үйрөтпөстөн, ал үчүн тексттерди, биринчи кезекте, адабий тексттерди колдонуу керек болору талашсыз. Көркөм тексттерди бөтөн тилдүүлөргө үйрөтүүнүн эң башкы максаты — кыргыз тилин үйрөтүү, сүйлөө жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу.

Тексттерди окутууда окуу китебиндеги тексттерди алалы. Окуу курамындагы материалдар авторлор тарабынан иштелип берилет. Бул тексттер мазмуну боюнча гана эмес, информациялык типтери (баяндама, түшүндүрмө, сөздүкчө ж.б.) боюнча да айырмаланат.

Аталган тексттер канчалык илимий билимдин законуна ылайык берилсе да, аларды «ээсиздендирилген» деп эсептөөгө болот, анткени, биринчиден, ал тексттер окуучуга бирдей мазмунда берилет; экинчиден, тексттердин өзү бир өңчөй формада (көбүнчө сөз түрүндө) берилет.

Практикада текст окулгандан кийин окуучуларга ошол тексттин мазмуну боюнча бир нече суроого жооп берүү, башкача айтканда, текстти кайталап айтып берүү сунушталат. Мындан тышкары,

текстти окутууда көркөм, илимий адабияттардан, публицистикадан, газета-журналдардан жана башка булактардан алынган бир нече тексттин ичинен тандап алууну сунуш кылууга болот. Бул учурда билимдин негизги булагы жалгыз окуу китеби гана боло албайт. Башкача айтканда, мындай маалыматтардын булагын окутуучу эмес, окуучу өзү тандап алат. Окутуучу болсо окуучунун кайсы булакты тандап алганын гана белгилейт, ошого жараша ага доклад даярдоону же башка иштерди тапшыра алат. Тактап айтканда, бул окуучунун оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүүгө, өз алдынча текст түзүүсүнө өбөлгө болот.

Ошентсе да, биз колубузга урунган ар кандай темадагы же стилдеги тексттерди эмес, ар бир сабакта окуучунун рухий дүйнөсүн байытууга түздөн-түз салым кошо турган тексттерди тандоону максатка ылайык деп табабыз.

Изилдөөнүн максаты: бөтөн тилдүү студенттерге кыргыз тилин үйрөтүүдө көркөм тексттерди колдонуунун маанисин аныктоо, Ч. Айтматовдун чыгармаларынан алынган тексттерди талдоо аркылуу студенттердин текстти түшүнүү, талдоо жана өз алдынча текст түзүү көндүмдөрүн калыптандыруунун айрым ыкмаларын көрсөтүү.

Изилдөөнүн методдору: изилдөөдө илимий-методикалык булактарды талдоо, көркөм тексттерди талдоо, салыштыруу жана практикалык тапшырмалар аркылуу текст түзүүгө үйрөтүү методдору колдонулду. Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим», «Жамийла» повесттеринен алынган үзүндүлөр практикалык материал катары пайдаланылды.

Окутуунун негизги логикалык өзөгү грамматикадан түзүлсө да, сабактагы ички логика, андагы методикалык аппарат, иш-аракеттер грамматикалык эрежени үйрөнүүдөн эмес, этномаданият темасындагы тексттин ички интеграциясын талдоо менен башталып, өнүгөт жана жыйынтыкталат.

Тексттеги этнолексемалар менен синтаксемалык формалар өзөгүн ээлеген грамматикалык материалдарды окуп-үйрөнүү сабактын максатына жараша текст менен бирге иликтенип, талданат жана алардын текстти курууда ролу ачылат. Тактап айтканда, грамматикалык эреже — багыт эмес, жыйынтык маалымат катары гана бааланат. Ошого жараша суроо-тапшырмалардын лингвоэтномаданият таануу системасы түзүлөт. Мындай учурда этномаданий текст изилдеп-үйрөнүүнүн объектисине айланат да, ошону менен бирге тарбиялык функцияны да аткарат.

Сабакта колдонулган көркөм текст студенттердин коммуникативдик жөндөмдөрүн калыптандырып, сөзгө карата болгон сезимин ойготот жана сабакта пикир алышуу чөйрөсүн түзүүгө шарт түзөт.

Бөтөн тилдүүлөрдү окутууда көркөм тексттерди колдонуу ар кандай максаттарды көздөйт. Алсак, тилдик жана тилдик эмес максаттар. Эгерде көркөм текст жаңы лексиканы үйрөнүү жана грамматикалык материалдарды өздөштүрүү максатында колдонулса, көркөм текст студенттердин оозеки (монологдук жана диалогдук) жана жазуу кебин өстүрүүнүн маанилүү каражаты болуп эсептелип, бул учурда окутуунун тилдик максаты ишке ашырылат. Ал эми көркөм тексттер үйрөтүлүп жаткан тилдин өлкөсү, маданияты жөнүндө тааныштыруу иретинде окутулса, анда ал тилдик эмес максатты көздөп, бөтөн тилдүү студенттер адабиятты окуу аркылуу окуп жаткан тилдин өлкөсү, тилди алып жүргөн элдин жашоо-турмушу менен таанышат. Биз макалада көркөм тексттердин тилдик максатта колдонулушуна токтолобуз.

Албетте, тааныш эмес көркөм тексттерди бөтөн тилдүү студенттердин өздөштүрүүсү өтө татаал иш. Бул жерде студенттер аталган тексттерди түшүнүү үчүн алардын бир гана кыргыз тилин билүүсү жетишсиз. Алар тил менен катар кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, жашоо чындыгын да билиши керек. Ошондуктан көркөм текстти өздөштүрүү боюнча иш алып баруу белгилүү бир өзгөчөлүктөргө ээ десек болот. Алардын катарына көркөм текстти колдонуунун максаты, текст тандоо жана тексттин үстүндө иштөө ыкмалары кирет.

Тил үйрөтүү ыкмасы адамдын ойлоо жөндөмүнө таянуу менен жүргүзүлүшү керек, анткени адам баласынын психологиясы өзү үчүн керек деп эсептелген айрым тил каражаттарын мезгилди күтпөстөн эле кабыл алууга жөндөмдүү келип, биздин психологиябыз көзүбүзгө көрүнгөн нерсенин бардыгын бүтүн, комплекстүү кабыл алууга ылайыкташкан. Демек, адам баласы эмнени көрүп, сезип, байкап,

ойлоп отурса, ошону тезирээк кабылдоого жана ага ылайык тил каражаттарын үйрөнүүгө жөндөмдүү. Ошондуктан тилди тил менен гана үйрөтпөстөн, ал үчүн тексттерди, биринчи кезекте, адабий көркөм тексттерди колдонуу маанилүү. Көркөм тексттерди бөтөн тилдүүлөргө үйрөтүүнүн эң башкы максаты — кыргыз тилин үйрөтүү, сүйлөө жана жазуу көндүмдөрүнө ээ кылуу, муну менен катар элдин тарыхы, маданияты ж.б. жөнүндө түшүнүк алуу.

Тексттер адам баласынын өз ара сүйлөшүүсүн, мамиле түзүүсүн камсыз кылуучу коммуникативдик каражат катары тилдик бирдиктерден турат. Текстте логикалык, тематикалык, жанрдык, стилдик, семантикалык, структуралык, мазмундук байланыштар сакталат. Текст ушундай байланыштардын негизинде гана кандайдыр бир маалыматты туюндура алат. Ошондуктан текст менен иштөөдө текст тандоо маселесине кылдат мамиле жасоо керек. Анткени текст тандоо окутуунун максаттарына, мазмунуна жана принциптерине, студенттердин кызыкчылыктарына, ички жана сырткы факторлорго, жагдай-шарттарга ылайык жүргүзүлөт.

Салттуу түрдө текст менен иштөөнү:

1. Текстти окууга чейинки аткарылуучу иштер;
2. Текстти окуу учурунда аткарылуучу иштер;
3. Текстти окугандан кийинки аткарылуучу иштер деп бөлөбүз.

Биринчи этапта (текстти окууга чейинки аткарылуучу иштер) студенттерди текстти окууга кызыктырып, шыктандыруучу жагдайды түзүү керек. Мисалы, тексттин автору жана анын чыгармачылыгы жөнүндө кыскача маалымат берүү, аталган текст боюнча талаш-тартыш жараткан сын макалалардын үзүндүлөрүн сунуштоо, бирок чыгарманын өзү жөнүндө айтуу, ошондой эле тилдик тапшырмаларды аткарууну талап кылуу зарыл эмес. Чыгарманын аталышына көңүл буруу жана ушундай аталыштагы текст эмне жөнүндө болушу мүмкүн, мындай аталышта силер кандай мазмундагы текст түзөт элеңер деген сыяктуу кызыктыруучу жагдайларды уюштуруу керек.

Текстти окуу учурунда аткарылуучу иштер. Бул этаптагы иштер студенттерди текст менен тааныштыруудан башталат. Текст үн чыгарып окулуп берилиши керек. Бул учурда алар текстти көңүл коюп угуп, тексттин кыскача маанисин түшүнүүгө аракет кылышат. Муну менен катар өздөрүнө белгилүү жана белгисиз болгон сөздөрдү аныктап, тыбыштардын айтылыш өзгөчөлүктөрүнө, интонацияга көңүл бурушат. Бул этаптагы студенттин иш технологиясы бир канча ырааттуу иштерди жүргүзүүгө багытталышы керек. Алсак, студенттердин ишинин натыйжалуулугун арттыруу үчүн текстти бир канча маанилик фрагменттерге бөлүү керек жана ар бир фрагменттин өзөгүн түзүүчү маанилүү бирдиктерге (каармандар, окуялар, алардын мүнөздөмөсү, орду, мезгили), тилдик каражаттарга көңүл буруу зарыл. Анткени студент үчүн мазмунду түзүп турган негизги кырдаал түшүнүктүү болсо, текстти түшүнүү жеңил болот.

Түшүнүксүз тилдик бирдиктерди көз жаздымында калтырууга жол берилбейт. Алардын маанисин аныктоо студенттердин өз алдынча аракеттери аркылуу ишке ашырылышы керек. Бул багытта сөз түркүмдөрү боюнча талдоо, уңгу-мүчөгө ажыратуу иштери жана контексттин мааниси боюнча тааныш сөздөргө таянуу менен маанини аныктоо, логикалык ой жүгүртүү ж.б.у.с. иштер аткарылат.

Бөтөн тилдүү аудиторияда текст менен иштөөдө студенттердин тексттин маанисин түшүнүүсү үчүн окутуучу алардын чыгармачылык активдүүлүгүн ойготушу керек. Бул максатты ишке ашыруу үчүн атайын тапшырма, тактап айтканда, студент окуган текст эмне жөнүндө экендигин элестетип, кыялында пайда болгон элестерди сүрөттөп берүүгө жетишүүсү талап кылынат. Мындай иш студенттин жагымдуу эстетикалык эмоцияларды башынан өткөрүүсүнө шарт түзөт.

Ошентип, тексттеги ар бир өзөктүү бирдиктин үстүнөн иштөө белгилүү бир алгоритмдин: маани-мазмун жана элестин негизинде ишке ашырылат. Жыйынтыгында тексттин бардык фрагменттерин толук окуп чыгуу талабы коюлуп, тексттин мазмуну боюнча бир нече суроого жооп берүүнүн натыйжасында текстти кайталап айтып берүү талабы максатка ылайык келет. Текстти фрагменттерге бөлүүнүн негизинде ар бир фрагменттин өзөктүү учурларын пайдаланып, кыскартылган текст түзүүнү

үй тапшырмасы катары берүүгө болот. Ошондой эле аталган тема боюнча көйгөйлүү кырдаал түзүү да кызыктуу.

Текстти окугандан кийин аткарылуучу иштер жалпылоочу мүнөздөгү тапшырмаларды камтыйт. Тактап айтканда, окуган текст боюнча студенттердин өз түшүнүктөрүн, ой-пикирлерин билдирүүсү, текст боюнча резюме түзүү, талкуу жүргүзүү жана татаал тексттердин котормосун сунуштоо.

Текст — маалыматтын топтому гана эмес, лексикалык, фонетикалык материалдардын негизинде интеграцияланып турган кеп продуктусу, ошондой эле пикир алышуунун үлгүсү. Студенттерге текст түздүрүүдө тилдин тазалыгына, тууралыгына, логикалуулугуна, байлыгына, көркөмдүүлүгүнө көңүл буруу маанилүү. Көркөм чыгармалар — адамдын дүйнө таанымын, ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү негизги булак. Ошондуктан текст түздүрүүдө студенттерди тилдин тазалыгына, тууралыгына, логикалуулугуна, байлыгына жана көркөмдүүлүгүнө үйрөтүү зарыл. Жакшы түзүлгөн текст гана ушул сапаттардын баарын өзүнө камтып, үлгү боло алат. Албетте, мындай үлгү катары туш келди алынган текст же стандарттуу сүйлөмдөрдүн топтому эмес, улуттук фольклордун эң мыкты чыгармалары же улуттук адабиятыбыздын мыкты туундулары пайдаланылышы керек. Мындай тексттер студенттин этномаданият таануу билимин өркүндөтүүдө негизги дидактикалык материал болуп берет.

Ошондой эле текст түзүүдө тематикалык лексиканы колдонуу аркылуу студенттер пикир алышууга керектүү сөз каражаттарын эркин колдоно алышат. Тактап айтканда, студенттердин сөз байлыгын арттырып, алардын эркин ой жүгүртө алуусуна көмөктөшөбүз. Чындыгында эле, тил үйрөнүп жаткан адам пикир алышууда зарыл болгон лексиканы жетиштүү деңгээлде билбесе, текст түзүүдө кыйналары шексиз.

Жыйынтыктап айтканда, студенттерге сабакта лексиканы мүмкүн болушунча тематикалык негизде көбүрөөк берүү зарыл. Тактап айтканда, бул учурда студент жаңы лексиканы өздөштүрүү аркылуу ой жүгүртүүгө, жазууга, окууга жана текст түзүүгө жетише алат.

Кыргыз тилин бөтөн тилдүүлөргө үйрөтүүдө окутуунун формаларына, сабактын типтерине, түрлөрүнө, сабакты талдоонун методикасына, сабакта колдонулуп жаткан метод-ыкмаларга болгон мамиле да түп-тамырынан өзгөрүүгө муктаж экени талашсыз.

Кыргыз тили сабагынын сапатын жогорулатууда салттуу жана инновациялык методдорду колдонуу бүгүнкү күндүн талабы катары каралууда. Анткени бүгүнкү күндө илим-техниканын өнүгүшү менен талаптар да өзгөрүп жатканы белгилүү. Тактап айтканда, мугалимди методдор жетелебестен, иштин ыңгайы жетелейт. Ошону менен бирге мугалимдин кандай гана методду тандап алуусуна тыюу же чек коюлбайт. Кандай гана усул-ыкмаларды колдонбойлу, алардын жандуу, өзгөрмөлүү жана ийкемдүү комплекстерин пайдалануу талабы коюлат.

Ошондой эле окутуунун методун тандоо маселеси боюнча эл мугалими Бектур Исаков «иштин ыңгайы» деген педагогикалык маанилүү түшүнүктү киргизген. Бул түшүнүк кыргыз тилин окутуунун ык-жолдорун тандап алууда жана колдонууда ар бир мугалимдин көңүлүндө болушун каалар элек. Анткени практик мугалимдер билдирген түшүнүк-сунуштар практикалык сыноодон өтүп, реалдуу шарт-кырдаалды эске алуунун маанисин жана зарылдыгын көрсөтүп турат. Тактап айтканда, иштин ыңгайы мурун ойлонулган чечимдерди өзгөртүүгө мажбур кылат. Кээде мындай ыңгайлар күн мурунтан баамдалат да, сабакты акыл-эсиңде бышырып коёсуң. Ошентип, айрым учурда мугалимди методдор жетелебестен, иштин ыңгайы жетелейт. Эмнени иштөө, кандайча аракет кылуу, эмнеден баштоо, эмнени даярдоо, кандай ыктарды колдонуу керектигин окутуунун кырдаалы көрсөтүп турат. Бул — кадиксиз чындык. Ошол себептүү методдор аркылуу сабакка келбестен, тескерисинче, окуу процессинин жагдайына жараша методдор, иштер, каражаттар, материалдар тандалып алынат [3, 11-б.].

Сөзүбүз кургак болбош үчүн Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестинен үзүндү алып көрөлү:

«Адырдын үстүндөгү адырда, мен бала чактан бери билген, эки зор терек болоор эле. Бул кош терек азыр да ошол жерде, качан карабагын, айылга кайсы туштан келбегин, элден мурун эле дөбөдө

жанаша кыналышкан ушул бийик теректер көзгө учурайт. Көчөдө бак деген толуп жатат, бирок бул теректердин бир укмуштуу касиети – алар бөтөнчө жандуу теректер.

Кийин эс тартып чоңойгондо, мен бул теректердин сырын түшүндүм. Бийикте, туш-тарабы ачык дөбөдө тургандыктан, тынымсыз шуулдап, бөтөнчө үндүү болгон себеби да ошол. Мен үчүн бул теректер ушул күнгө чейин кандайдыр тегин эместей, сырдуу, жандуу сыяктанат. Бул теректердин түбүндө менин өмүрүмдүн эң бир сыйкырдуу чагы калгандай, эстеген сайын кайра баштан эскергим келет».

Окутуучу текстти студенттерге окуп берет. Алар текстти көңүл коюп угуп, анын кыскача маанисин түшүнүүгө аракет кылышат. Ошону менен катар студенттер өздөрүнө белгилүү жана белгисиз болгон сөздөрдү аныктап, тыбыштарды туура айтууга, интонацияны туура колдонууга көнүгүшөт. Андан кийин окутуучу аудиторияны аңгемелешүүгө даярдайт. Студенттерге тексттин мазмуну боюнча бир нече суроого жооп берүү менен бирге аны кайталап айтып берүү сунушталат. Андан ары студенттерге өз алдынча текст түзүп келүүгө тапшырма берилет. Текстти төмөнкүдөй темалардын айланасында түзүшсө болот: «Дүйшөн менен Алтынайдын тереги», «Дүйшөндүн жыйыны», «Дүйшөн сабак өтүп жатат» ж.б.

Ошону менен бирге ушул тема боюнча көйгөйлүү кырдаал түзсө болот:

1. Автор чыгармага эмне үчүн «Биринчи мугалим» деп ат койгон?
2. Сен ушул чыгармага кандай ат коёт элең?
3. Алтынайдын турмуш жолу кандай болду?
4. Алтынай Дүйшөндүн эмгегин актай алдыбы?

Ушул сыяктуу көйгөйлүү суроолор студенттердин ой-сезимин, ой жүгүртүүсүн калыптандырып, аларды ойлонууга түрткү берет деген ойдобуз. Мындай суроолор студенттердин тилге болгон кызыгуусун арттырарын күнүмдүк практика айгинелеп турат десек жаңылышпайбыз.

Ошондуктан көркөм чыгармалар адамдын дүйнө таанымын, ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү негизги булак болуп саналары баарыбызга белгилүү. Ошондой эле алар адамдын эмоционалдык жана эстетикалык сезим-туюмдарын, адеп-ыймандык сапаттарын да калыптандырат. Көркөм чыгарма өзүнүн бай, ийкемдүү тили менен студенттин тил байлыгын өстүрүүгө өзгөчө чоң көмөк берет.

«Мына ушул теректер турган жерди айылдагылар эмне үчүндүр “Дүйшөндүн мектеби” – деп койчу. Бир кездерде ошол дөбөнүн үстүндөгү мектеп болгон имиш. Биз анын ордун да көрбөй калдык, бирок кош теректүү дөбөнүн аталышы эл оозунда мурунку бойдон келе жатат».

Дагы бир көркөм тексттен «Жамийла» повестиндеги төмөнкү үзүндүнү мисалга алып көрөлү:

«Биз, чөп чапкыч машина айдагандар, Данияр ды ошондо биринчи көрдүк. Анда жанагы бүгүлбөгөн бутунун жараты жакшы айыга элек, чалгыга жарабай, ал дагы машина айдайт. Чынын айтайын, биз аны жактыра бербедик. Себеби Данияр киши менен күп сүйлөшчү эмес, сүйлөшсө да ошол убакытта башка бир, өзүнө тиешелүү ойлорду ойлогонсуп, көңүлү башка жакта экени сезилип турчу. Ал өзүнөн өзү кыялга баткандай, маңыроо сыяктуу. Аны байкаган кишилер: “Байкуш неме согуштан эси ооп калса керек” – деп жүрүштү. Бирок, Данияр дын ушул мүнөзү, кыймылы, тез иштегенине, жүрүш-турушуна түк байланышпайт. Мүмкүн жетимдиктин запкысын көп тартып, турмуш аны тез иштөөгө, бирок көп сүйлөтпөй, сырын ичке түйүп, сактаганга үйрөттүбү? Балким ошондой болуш керек.

“Тартайган, москоол боюна жараша Данияр дын бет түшүлүшү чап жаак, көзү бир калыпта салмактуу тиктейт, кээде ал бир үн салгансып, сестейе калганда канат серпкендей кашы өйдө боло берип, көзү жалтылдап, бир нерсеге сүйүнгөн өңдүү болот”» [2-15 б.].

Бул үзүндүдө чыгарманын башкы каарманы Данияр дын образын Сейит баяндап, ага мүнөздөмө берет. Эми чыгарманын дагы бир башкы каарманы — Жамийланын образын алып көрөлү:

«Баягы тамашакөй, шайыр, шайдоот келин эмне үчүндүр жоошуй түшүп, анын мурда ойноктогон өткүр көздөрү эми ичтен муңдана, тумандуу жазгы күн сыяктуу жылуу мээримге толуп, назик тиктейт. Жамийланын жүзүнөн дайым бул ой кетип, эрдинде үлбүрөгөн күлкүнүн көлөкөсү адашып, өзү гана билген кандайдыр бир нерсеге ичи жылыгансып, ошого сүйүнгөн өңдүү туюлат» [2-21 б.].

Тактап айтканда, Жамийланын муңайышынан кусалык, арзуу, жылуулук, санаа, Данияргa карата ашып-ташыган махабат көрүнүп турат.

Ушул сыяктуу көркөм тексттердин негизинде студенттин ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, айлана-чөйрөнү, табиятты, адамды таанып-билүүгө жана ички дүйнөнүн чексиздигин аңдоого багытталган түрдүү суроолорду берип окутуу жөндүү деп эсептейбиз.

Жыйынтыктап айтканда, сабактын сапатын жогорулатууда теманын табиятына ылайык кошумча материалдарды, изилдөөлөрдөн үзүндүлөрдү, басма сөздөгү жаңылыктарды пайдалансак, сабак өз натыйжасын берет. Демек, методдордун жакшы-жаманы, эски-жаңысы, маанилүү-маанисизи болбойт. Окутуучу кайсы гана ыкманы колдонбосун, аны колдонуунун максатын жана алынуучу натыйжаны алдын ала пландаштырып алуусу абзел.

Колдонулган адабияттар

1. Айтматов Ч. Т. Чыгармалар жыйнагы. – Бишкек: Улуу Тоолор, 2014.
2. Байгазиев С. О. Окутуунун интерактивдүү методу. – Бишкек, 2004.
3. Исаков Б. Сабат санжырасы. – Бишкек, 1993.
4. Чыманов Ж. А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек, 2009.
5. Кыргыз-Түрк «Манас» университетиндеги кыргыз тилин окутуунун жаңы усул-ыкмалары. – Бишкек, 2006.
6. Сакиева С. С., Тажиева Ж. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жаш муундарга адамкерчиликти калыптандыруу проблемалары // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2014. – № 4 (32). – 73–76-бб.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Токоева Н.А.

УДК 792.072(575.2)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-306-312

Шайылдаева А.К., Сыдыков Т.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ,
Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана жаштар саясатынын министрлигинин Искусство жана кесиптик билим берүү башкармалыгы
Шайылдаева А.К., Сыдыков Т.
КНУ имени Жусупа Баласагына,
Управления искусства и профессионального образования Министерства культуры, информации и молодежной политики Кыргызской Республики
Shaiyldaeva A.K., Sydykov T.
KNU Jusup Balasagyn,
Department of Arts and Vocational Education, Ministry of Culture, Information and Youth Policy of the Kyrgyz Republic

ORCID 0009-0003-6412-829X
ORCID 0009-0006-9837-7843